2019/2020

Катышуучунун коду
Код участника

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын II (райондук) этабы

Биология

1-күн

Фамилиясы/ Фамилия		Аты/Имя	
Атасынын аты/ Отчество			
Мектеби/Школа		Айылы/ Село	
Району/Район		Шаары/ Город	
Облусту/Область			
Телефону/ Телефон			
Мугалими жөнүндө маалымат/ Сведения об учителе			
Мугалиминин ФАА/ ФИО учителя			

Биология боюнча окуучулардын райондук олимпиадасы. I күн. Практикалык тур.

Биология боюнча райондук олимпиада эки тур менен өткөрүлөт:
биринчи тур – изилдөө туру; экинчи тур – теориялык.

Изилдөө туру олимпиаданын биринчи күнүндө өткөрүлөт.

Упайлардын максималдуу саны – 32 упай.

Олимпиаданын изилдөө туруна катышкан окуучуга сунушталган суроолорго жоопторду жазыш үчүн жеке дептер берилет.

Упайлар
Баллы

Катышуучунун коду
Код участника

1-тапшырма.

	♀		♂
P (ата-эне)	гүлдүн түсү боюнча дигомозигота (ак түстүү гүлдөр)	x	гүлдүн түсү боюнча дигомозигота (ак түстүү гүлдөр)
F_1 (биринчи муундагы гибриддер)	гүлдөрү кызыл түстөгү гибрид	x	гүлдөрү кызыл түстөгү гибрид
F_2 (экинчи муундагы гибриддер)	гүлдөрүнүн түсү кызыл 9 гибрид		гүлдөрүнүн түсү ак 7 гибрид

Жогоруда гүлдөрүнүн түсү ар башка эки муундагы өсүмдүктөрдү кайчылаштыруунун схемасы берилген.

1. Ата-эне (P) дигомозиготаларынын генотиптери кандай? Жоопту төмөн жакка жазгыла.

____

____

2. Бардык биринчи муундагы (F_1) гибриддердин генотиптери кандай? Жоопту жазгыла.

____

____

3. Биринчи муундагы F_1 гибриддерин кайчылаштыруу үчүн Пеннеттин решеткасын толтургула.

Гүлдүн түсүнүн белгиси боюнча F_2 гибриддеринин фенотиптерин жазгыла.

♀ / ♂				

4. Жогору жактагы кайчылаштыруу схемасында тукум куучулуктун кайсы түрүнүн мисалы келтирилген? Жоопту жазгыла.

____

____

5. Төмөн жакка бул кубулушка карата өз түшүндүрмөңөрдү жазгыла.

____

____

2-тапшырма.

Деңизде төмөнкү организмдер жашайт:

Чыпкалоочу балыктар, жырткыч балыктар, фитопланктон, дельфиндер.

Бул организмдерди катыштырып, массалардын пирамидасын түзгүлө. Эгерде деңиздин бул тарабында массасы 300 кг болгон бир гана дельфин жашай алса, анда ар бир трофикалык деңгээлдин биомассасын жазгыла.

____

____

____

____

____

____

3-тапшырма.



Жогорудагы микрофотосүрөттө өсүмдүктүн органынын бир бөлүгү көрсөтүлгөн.

1. Төмөн жакка төмөнкүлөрдү жазгыла:

а) 1-түрдүн клеткалары кайсы негизги функцияны аткарат?

____

____

____

б) 2-түрдүн клеткалары кайсы негизги функцияны аткарат?

____

____

____

в) Бул өсүмдүк айлана-чөйрөнүн кандай шартында өсөт?

____

____

____



2. Жогоруда үч өсүмдүктүн сүрөтү берилген.

Жогору жактагы микрофотосүрөт кайсы органга тиешелүү болсо, ошол органды сүрөттөрдүн биринде жебе менен белгилеп туруп, жазып койгула.

3. Бул өсүмдүктү практика жүзүндө кандайча пайдаланса болот? Жообуңарды жазып, себебин түшүндүрүп бергиле.

____

____

____

____

____

____